## 2-секция. Социалдык-гуманитардык илимдер, 2010-жылдын апрели: окуялар, фактылар

**УДК 316.65**

***Исаков Б.М. -** окутуучу, **Мурзахметов Т.Т. -** окутуучу.*

*«Жашоодогу эң жогорку жыргалчылык маанилүү илимди-изилдөөгө тиешелүү экендигин, жана бул илим негизинен башкаруучулук иш аткаргандыгын моюнга алуу керек, мындай илим албетте саясат таануу болуп эсептелет».*
*АРИСТОТЕЛЬ.*

### *Саясат таануунун коомдогу жана адам турмушундагы орду.*

***Аннотация***

*Саясат-байыркы грек философу Аристотель айткандай, адам жашоосунун ажырагыс бир бөлүгү болуп эсептелет. Саясат «адам баласынын» жаратылышында, табиятында орун алган. Коллективде, мамлекеттин түзүмүндө жашоо, башка адамдар жана мамлекеттик институттар менен карым-катнашта болуу, ал үчүн «жазмыш». Бул макалада мына ушул «жазмыш» жөнүндө баяндалат.*

Бүгүнкү дүйнө жүзү карама-каршылыктарга толтура жана өтө динамикалуу. Анын өзгөчөлүктөрү көптөгөн адам топторунун кызыкчылыктарынын булагы болуп, бул көп түрдүүлүктөр саясатка жана саясий идеяларга айланууда. Саясат – коомдук турмушка таасир берүүчү эң активдүү фактор болуп эсептелет. Азыркы мезгилде «саясат» коомдун жашоосунун бардык көрүнүштөрүндө өз чагылуусун жана ордун табып келет: экономикалык, социалдык, саясий чөйрөдөгү жана маданий саясатты, саясаттын бөлүмдөрү же болбосо багыттары катары ажыратып карап келишет. Саясат таануу коомдук илимдер арасында өзгөчө орунду ээлейт. «Саясат таануунун өзгөчөлүгү», саясаттын коомдогу ролунун маанилүүлүгү жана саясат таануу-саясатты изилдегендиги менен түшүндүрүлөт. Саясат-коомдун бардык чөйрөлөрү менен байланышта жана аларга активдүү таасир берет. Ал өз кезегинде элдердин тагдырында ошондой эле жеке инсандын күнүмдүк турмушунда олуттуу орунда. Саясаттын саясий түзүмдүн, демократиянын, саясий бийликтин, мамлекеттин маселелери ар бирибиздин жана баарыбыздын кызыкчылыктарыбызга тиешелүү, ошондуктан саясаттын саясий турмуштун маселелери эч качан актуалдуулугун жоготкон эмес, жана бүгүнкү күндө да бардык коом мүчөлөрү үчүн маанилүү. Көрсөтүлгөн себептерге байланыштуу азыркы кезде саясатты илимий изилдөө, саясий чөйрөдө билимин арттыруу, саясий ишмердүүлүк жана саясаттын теориясын өнүктүрүү максатында пайдаланышып, анын актуалдуулугу өзгөчө түс алып өнүгүүдө. Саясат таануу – грек тилинен алынган (politike + logos) саясат, бийлик жана саясий процесстер жөнүндөгү илим. Саясат таануу өз алдынча илим катары, XIX кылымдын экинчи жарымынан калыптана баштаган. 1857-жылы Колумбия университетинде (АКШ) саясий илимдин кафедрасы ачылган. Кийинчерээк ушундай кафедралар Йельс, Гарвард, Принстон жана башка университеттерде пайда болгон. 1903-жылы Америкалык саясий илимдер ассоциациясы түзүлгөн. Аналогиялык саясий институттар Батыш Европада да калыптана баштаган. М. Вебер, Р. Михельс, М. Острогорский, В. Парето сыяктуу көрүнүктүү дүйнөлүк окумуштуулар саясат таануу илиминин калыптануусуна жана өнүгүүсүнө зор салымдарын кошушкан. Саясат таануунун саясий кызыкчылыктары чөйрөсү да кеңейип жатат. Бүгүнкү күндө изилдөөчүлөрдү демократияга өтүү процесстери, саясий катышуу, жаңы коомдук кыймылдар, неокорпоративизм ж.б.

маселелер кызыктыруууда. Азыркы саясий илим же болбосо «саясат таануу», жалпы гуманитардык билим берүүнүн негизги бөлүгү катары кызмат өтөөдө. Саясат таануу илими бүгүнкү күндө эң бир актуалдуу илимдердин бири болуп калды. Саясат маселелери биздин коом мүчөлөрүнүн кичине баласынан тарта аксакал карыясына чейин түйшөлтүп, канткенде жакшы жашоого жетишебиз деген ой ар бир инсанда жашап келет. Бүгүнкү күндөгү «саясий илим» адам баласына саясий жүрүм-турумдун нормаларын, саясий баалуулуктарды, саясий бийликтин келип чыгуусун жана анын механизмдеринин маани-маңызын аныктоого, ошондой эле адам мамилелеринин лабиринтинде туура багыт алуусуна жардам берет. Саясат, адам цивилизациясынын ажырагыс бир бөлүгү, компоненти болуп эсептелет. Саясатсыз жеке инсандын жана коомдун жашоодогу социалдык өнүгүүсү мүмкүн эмес. Саясаттын социалдык милдети-коомдук өнүгүүнү адилеттүү социалдык тартипке багыттоо жана мамлекеттик мажбурлоону чектөө менен адам укуктарын камсыздоо болуп эсептелет. Саясат коомдун жыргалчылыгына пайда алып келүүсү мүмкүн, эгерде терең изилденип, анын өнүгүү мыйзамдары өздөштүрүлүп, адамдын жана коомдун тынчтыгын бузуучу, кыйратуучу механизмдери туура багытта ишке түшкөндө гана, андай болбосо саясаттын эки жүздүү табияты адам коомунун мамилелерине терс багытта таасир берет. Саясаттын эки жүздүүлүгү анын, төмөнкү көрсөткүчтөрүнөн байкалат, бир жагынан алганда: саясат бардык баштаттардын, өзгөртүүлөрдүн баштоочусу, ал адамдардын өз ара карым-катнашын тартипке келтирет, адилеттүүлүктүн жана тартиптин башкарылуусун турмушка ашырат, экинчи жагынан, дал ушул саясаттын жардамы менен көп учурда чектен чыгуулар (произвол), адам татыктуулугун басмырлоо, адам укуктары жана эркиндиги кысымга алынат. Саясат М.Дюверже белгилегендей, - бул «эки жүздүү Янус» (байыркы римдик эки жүздүү кудай-эки жүзү карама-каршы эки тарапты карап турат, бири келечекти, экинчиси өтмүштү). Саясаттын өтө чоң мобилизациялык жана тескөөчүлүк потенциалын мүмкүнчүлүгүн адам жана коомдун турмушунун пайдасына, өнүгүүсүнө туура пайдалануу үчүн, аны терең изилдеп, окуп үйрөнүү зарыл. Саясий турмушка катышкандардын керектөөлөрү жана кызыкчылыктары натыйжасында пайда болгон саясий окуялардын, баш аламандыктардын, кубулуштардын арасынан «саясатты» көрө билүү, бизден чоң саясий чеберчиликти жана тажрыйбаны, саясий билимди талап кылат. «Саясий билим көрө билүү үчүн керек, ал эми көрө билүү аракеттенүү үчүн» - француз социологу О.Конттун бул учкул сөздөрү саясатка тиешелүү өзгөртүлдү. Жыйынтыгында айта кетсем, бул макала, кайсыл бир деңгээлде студенттердин жана окурмандардын ошондой эле жалпы коомдун саясий маданиятын жогорулатууга жана өлкөдөгү жарандык тынчтык, түшүнө билүү, чыдамдуулук, бийликтин маданиятынын көтөрүлүүсү жана демократиянын өнүгүүсүнө көмөк көрсөтөт деген ойдомун.

***Адабияттар***

1. *Белов Г.А.* Политология: учебник для вузов М.: «Наука» 1994.
2. *Пугачев В.П., Соловьев А.И.*. Введение в политологию: учебник для вузов М.:1995
3. *Мухаев Р.Т.* Политология: учебник для вузов. Издание второе. М.: «Издательство ПРИОР», 2000.- 432с.